**АРАЛЫК ОТЧЕТ**
**4 – 16-сентябрь 2020-жыл**

**18 сентябрь 2020-жыл**

# I. КЫСКАЧА МАЗМУНУ

- Кыргыз Республикасынын Президенти С. Жээнбеков «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону дайындоо жөнүндө» Жарлыкка 2-июль күнү кол койду жана ага ылайык, 120 парламент мүчөсүнөн турган бир палаталуу Жогорку Кеңешке (Парламентке) шайлоолор 4-октябрга белгиленди. Жогорку Кеңештин депутаттары бирдиктүү шайлоо округу жана катыштык тутуму боюнча пропорционалдык жабык тизме менен кош босого принциби боюнча 5 жылга шайланат.

- Саясий сахна чоң өзгөрүүлөргө дуушар болууда, анткени парламенттик көпчүлүктүн лидери болгон Кыргызстан социал-демократтар партиясы (КСДП) бөлүнүп-жарылып, жаңы мүмкүнчүлүктөр пайда боло баштаганда шайлоого катышпай калды. Шайлоонун нугу COVID-19 пандемиясына байланыштуу жана илгертен бери келе жаткан коррупциялык иштердин кесепеттеринен пайда болгон социалдык жана экономикалык көйгөйлөрдүн күчөшү менен коштолот.

- Шайлоонун мыйзамдык базасы акыркы парламенттик шайлоодон кийин өзгөртүлдү, ага ылайык жети пайыздык босого карйрадан киргизилип, аялдардын өкүлчүлүгүнүн кепилдиги бекемделди. Бирок, Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү мыйзамда (мындан ары Шайлоо жөнүндөгү мыйзам) каралган реформалар, мисалы, добуш берүү укугун чектөө, учурдагы аймактык шайлоо болгон босого чеги жана жалпыга маалымдоо каражаттарын ( мындан ары ЖМК) аккредитациялоо сыяктуу мурда Демократиялык институттар жана адам укуктары бюросу (ДИАУБ) тарабынан айтылган сунуштарды камтыган жок.

- Шайлоо комиссиялары түзүлүп, алдыдагы шайлоого даярдык көрүүнү уланууда. Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары БШК) шайлоо процессин натыйжалуу уюштурууда шек туудурбаса дагы, төмөнкү деңгээлдеги шайлоо комиссияларынын шайлоо күнү COVID-19 пандемиясына байланыштуу процедуралык эрежелерди сактоодо кооптонуулар бар экендиги айтылды.

- Биометрикалык каттоодон өткөн, добуш берүүгө укуктуу добуш берүүчүлөрдүн жаңыланган тизмеси 3 465 415 адамды түзөт. Добуш берүүчүлөрдүн тизмеси коомчулукка ачык жана добуш берүүчүлөрдөн келип түшкөн арыздардын негизинде оңдоого, толуктоого же шайлоо дарегин өзгөртүүгө 20-сентябрга чейин шайлоо участкаларында жеке өзү же мамлекеттик веб-портал аркылуу кайрылууга болот.

- Шайлоого катышуу үчүн 2 032 талапкер менен жалпы сандагы 16 саясий партия катталды. Жалпы курамдын 32 пайызын аялдар, 31 пайызын 35 жаштан кичүүлөр, 17 пайызын улуттук азчылыктар жана мүмкүнчүлүгү чектелген 43 талапкерлер (2 пайызын) түзөт. Шайлоо жөнүндөгү мыйзам боюнча саясий партиялар өз талапкерлерин шайлоого үч күн калганга чейин алып салууга болот жана квоталарды сактоону талап кылбайт.

- Үгүт өнөктүгү 4-сентябрда башталган. Партиялар ар кандай үгүт каражаттарын, анын ичинде жекеме-жеке жолугушууларды жана социалдык тармактарды пайдаланууну колдонуп жатышат. Онлайн үгүт өнөктүгүн жүргүзүү боюнча так регламенттер жок болсо дагы, катталган партиялардын көпчүлүү  Жүрүм-турум кодексине кол коюу менен бирге үгүт өнөктүгүнин эрежелерин, анын ичинде онлайн үгүттөө регламентин сактоого милдеттеништи.

- Партиялар үгүт каражаттарына байланыштуу атайын банк эсептерин ачууга милдеттүү. Мыйзамда түздөн-түз каржылоо каралган эмес, бирок, ошол эле учурда, жеке салымдарга жана үгүт өнөктүгүнө кеткен чыгымдарга чектер киргизилген. Үгүт өнөктүгүн каржылоо булактарын жана чыгымдарын көзөмөлдөө БШКга жүктөлгөн.

- Конституцияга ылыйык пикир билдирүү жана басма сөз эркиндигине кепилдик берилет жана жалаа жапкандыгы үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартууга тыюу салынат. Бирок, жалаа жапкан учурларда келтирилген зыяндын ордун толуктоодо маалымат каражаттарына кысым көрсөтүүнүн потенциалдуу куралы бойдон калууда. Шайлоо жөнүндөгү мыйзамга ылайык ЖМКлар шайлоо атаандаштарына бирдей мамиле кылуусу талап кылынат. 5-сентябрда БШК коомдук жана мамлекеттик ЖМКлардагы көрсөтүүлөр үчүн акысыз эфирдик убакыт бөлүп берип, теледебаттарды октябрдын башына чейин өтөт деп пландаштырды.

- 15-сентябрга карата БШКга 30 арыз келип түшкөн. БШКнын талапкерлерди каттоого байланыштуу төрт чечими соттун биринчи инстанциясында каралып, алардын үчөөндө сот БШКнын чечимдерин жараксыз деп тапты. БШК Жогорку Сотко эки жолу  арыз менен кайрылып, экөө тең канааттандырылган жок. Биринчи инстанциядагы сот жана Жогорку Сот шайлоого байланыштуу иштерди эл алдында жана расмий түрдө  карады.

## II. КИРИШҮҮ

2020-жылдын 4-октябрындагы парламенттик шайлоого байкоо жүргүзүү үчүн Кыргыз Республикасынын расмий бийлиги тарабынан жөнөтүлгөн чакыруунун негизинде, ЕККУ/ ДИАУБ 2020-жылдын 7-сентябрында Шайлоого чектелген байкоо жүргүзүү миссиясын (ШЧБМ) ачык деп жарыялады.[1] ДИАУБ ШЧБМ, анын жетекчиси Томас Бозеруп баштаган Бишкек шаарында жайгашкан 13 негизги топтун мүчөлөрүнөн жана 11-12-сентябрда Кыргызстандын бардык 7 облусуна жана Бишкек жана Ош шаарларына жөнөтүлгөн 18 узак мөөнөттүү байкоочулардан турат. ШЧБМдин мүчөлөрү ЕККУнун 17 мүчө-мамлекеттеринен келишкен.

---

[1] ЕККУ/ДИАУБдун Кыргызстандагы шайлоолорго байланыштуу мурунку отчетторун көрүңүз. Буга чейин ДИАУБ өзүнүн керектөөлөрдү аныктоодогу жасалган отчетунда, негизги байкоочулардын тобунан тышкары, 24 узак мөөнөттүү байкоочуларды жана 350 кыска мөөнөттүү байкоочуларды камтыган шайлоо күнүндөгү процедураларга байкоо жүргүзүү үчүн Шайлоого толук түрдө байкоо жүргүзүү миссиясын сунуштаган эле. Бирок, COVID -19 пандемиясынын таасиринен, жана ЕККУнун региондоруна баруу жолдору чектелгендигинен улам, кыска мөөнөттүү байкоочулардын Кыргызстанга келүү мүмкүнчүлүгү жок болгондугун билдирди. Ошондуктан, ШБМ ШЧБМге өзгөртүлдү. ДИАУБдун ШЧБМдер үчүн иштелип чыккан стандарттык методологиясына ылайык, миссия шайлоо күнүндөгү процесстерге ар тараптуу же систематикалык түрдө байкоо жүргүзбөйт, бирок, шайлоо күнү бир катар шайлоо участкаларына барууга ниеттенүүдө.

## III. КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

2010-жылы Конституция кабыл алынган мезгилден бери, Кыргыз Республикасы үчүнчү парламенттик шайлоону 4-октябрда өткөрүү алдында турат. Кыргыз Республикасы жарым президенттик республика, ал эми Жогорку Кеңештин курамын 120 депутаттан турган мыйзам чыгаруучу бир палаталуу парламент беш жылдык мөөнөткө шайланат. Азыркы учурда, 95 мандаттан турган парламенттик көпчүлүктү КСДП жетектейт жана анын курамына *Бир Бол, Кыргызстан жана Республика-Ата Журт* партиялары кирет, ал эми *Ата Мекен* жана *Өнүгүү-Прогресс* партиялары оппозицияда.

КСДПнын позициясы 2017-жылдагы президенттик шайлоодо алардын талапкеринин жеңишке жеткендиги менен дагы да бекемделгенине карабастан, партия экиге бөлүнүп, ушул парламенттик шайлоого бара алган жок.[2] Ошого карабастан, КСДП партиясынын айрым депутаттары шайлоого *Биримдик, Мекеним Кыргызстан же Социал-демократтар* сыяктуу ар кандай партиялык структуралар менен бара жатат. Бул шайлоо саясий сахнадагы ири өзгөрүүлөр менен катар COVID-19 пандемиясынын кесепеттеринен улам келип чыккан социалдык жана экономикалык кыйынчылыктардын күчөшү менен коштолот. [3]

## IV. ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫ ЖАНА УКУКТУК НЕГИЗ

Жогорку Кеңештин депутаттары бирдиктүү шайлоо округу жана катыштык тутуму боюнча пропорционалдык жабык тизме менен 5 жылга шайланат. Көз карандысыз талапкерлер шайлоого катыша албайт. Мандат алуу үчүн саясий партия өлкө боюнча добуштардын кеминде жети пайызын жана жети облустун ар биринде, ошондой эле Бишкек жана Ош шаарларында кеминде 0,7 пайыз добуш топтошу керек.[4] Конституцияга ылайык ар бир партиянын парламенттеги саны 65 орун менен чектелген.

Парламенттик шайлоо негизинен 2010-жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Шайлоо жөнүндөгү мыйзам жана Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндөгү мыйзам (Шайлоо комиссиялары жөнүндөгү мыйзам) аркылуу жөнгө салынат. Мындан башка актуалдуу укуктук актыларга Саясий партиялар жөнүндө мыйзам, Тынч чогулуштар жөнүндө мыйзам, кылмыш жана административдик жаза чаралары, жарандарды каттоо, ЖМК, ошондой эле БШКнын регламенти кирет. Кыргызстан демократиялык шайлоого байланыштуу негизги эл аралык

---

2 Партия бир нече топторго бөлүнүп, анын катарын мурдагы президент Алмазбек Атамбаевге жакын адамдар жана азыркы президент Сооронбай Жээнбековго ишеним көрсөткөн адамдар түздү. Каршылык көрсөтүүлөрдөн улам келип чыккан кагылышуунун натыйжасында, 2019 –жылы август айында болуп өткөн Атамбаев мырзанын тарапташтары менен укук коргоо органдарынын кызметкерлеринин ортосундагы каттуу тирешүүгө алып келген жана анын жыйынтыгында жаракат алып, киши өлгөн учур дагы катталган. 2020-жылдын июнь айында Атамбаев мырза коррупция беренеси боюнча айыпталып узак мөөнөткө эркинен ажыратылып, азыркы убакытта түрмөдө жаза мөөнөтүн өтөп жатат.

3 2020-жылдын июнь айында өкмөт коррупциялык жаңжалдан улам отставкага кеткен. Премьер-министр өзүнүн күнөөсүз экендигин ырастоо максатында, пандемияга байланыштуу кыйынчылыктардан улам, жарандардын ишенимин толук түрдө актаган өкмөттү түзүү керектиги менен түшүндүрдү.

4 ДИАУБ жана Европа Кеңешинин Мыйзам аркылуу Демократия боюнча Комиссиясы (Венеция Комиссиясы) буга чейин орундарды бөлүштүрүү эрежелерин карап чыгууну, ошондой эле кош босогону кайрадан карап чыгууну сунуштаган.

келишимдердин катышуучусу деп таанылат.[5] ДИАУБдун мурунку сунушуна ылайык, 2019-жылдын май айында Кыргызстан Майыптардын укуктары жөнүндө БУУнун Конвенциясын ратификациялаган.

Шайлоо укуктук базасы акыркы парламенттик шайлоолордон бери үч жолу, 2017, 2019 жана 2020-жылдары, негизинен 2018-2020-жылдардагы шайлоо жөнүндө мыйзамдарды жакшыртуу Стратегиясына ылайык өзгөртүлдү. Шайлоо жөнүндөгү мыйзамга киргизилген акыркы өзгөртүүлөр жана толуктоолор 2017-жылы тогуз пайызга чейин көтөрүлгөн жети пайыздык босогону кайрадан киргизди жана парламент мүчөсү партиядан чыгып кеткен учурда гендердик квотанын сакталышын камсыз кылуу менен аялдардын өкүлчүлүгүнө болгон кепилдиктерди көбөйттү. Добуштарды сатып алуу жана административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу, арыздарды жана даттанууларды берүү мөөнөттөрү, добуш берүүчүлөрдүн тизмесин башкаруу жана ден-соолугуна байланыштуу мүмкүнчүлүгү чектелген добуш берүүчүлөрдүн шайлоого катышуусу сыяктуу башка өзгөртүүлөр дагы киргизилди.

## V. ШАЙЛООНУ УЮУШТУРУУ

Парламенттик шайлоону БШК, 54 аймактык шайлоо комиссиялары (АШК) жана 2 470ке жакын[6] участкалык шайлоо комиссиялары (УШК) башкарат.[7] Шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү беш жылдык мөөнөткө дайындалат. БШК парламент дайындаган 12 мүчөдөн турат. Президент, парламенттик көпчүлүк жана оппозиция төрттөн мүчө көрсөтөт. Төрага менен кошо БШКнын беш мүчөсү аялдардан турат. АШК жана УШК мүчөлөрү январь айында дайындалган жана БШКнын берген маалыматына ылайык, сентябрь айынын биринчи жумасында окутуудан өткөн.[8] БШК төмөнкү деңгээлдеги комиссиялардын курамы оруп-жыйноо иштерине жана пандемияга байланыштуу улам өзгөрүлүп жаткандыгын ДИАУБ ШЧБМга маалымдады.[9] Төмөнкү деңгээлдеги комиссияларда көпчүлүгү аялдар; алар АШКнын мүчөлөрүнүн 47 пайызын түзөт.

БШК жыйындарын ачык түрдө үзгүлтүксүз өткөрүп турат. COVID-19дан улам, БШКнын Регламенти өзгөртүлүп, БШК мүчөлөрү үчүн сессияларга аралыктан катышууга мүмкүнчүлүк түзүлдү. ЖМКлар, байкоочулар жана саясий партиялардын өкүлдөрү сессияларга өздөрү катышышат. Сессиялар жөнүндө кулактандыруу БШКнын веб-сайтына сессиялардын башталышына аз калганда илинет, бардык катышуучуларга катышуу үчүн жетиштүү убакыт дайыма эле бериле бербейт.

---

5 Буларга 1966-жылы кабыл алынган Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык Пакт, 1965-жылдагы Расалык басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө Конвенция, 1979-жылы Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу боюнча Конвенция жана анын кошумча протоколдору, 2002-жылы КМШнын Стандарттар боюнча конвенциясы кирет. Демократиялык Шайлоо, Шайлоо Укуктары жана Эркиндиктери жана Коррупцияга каршы БУУнун 2003-жылдагы Конвенциясы.

6 Добуш берүүчүлөрдүн кыймылына байланыштуу добуш берүүчүлөрдүн тизмелерине киргизилген өзгөртүүлөрдүн натыйжасында кошумча УШКлар түзүлүшү мүмкүн.

7 Өлкөдөн тышкары добуш берүү 28 мамлекеттеги элчиликтердеги жана консулдуктардагы 44 шайлоо участкаларында жүргүзүлөт.

8 COVID-19 пандемиясына байланыштуу профилактикалык чара катары, төмөнкү деңгээлдеги комиссияларга техникалык жабдуулар жана алардын ишинин бардык этаптарын камтыган видео сабактар берилди.

9 Төмөнкү деңгээлдеги комиссиялардын ыйгарым укуктарынын мөөнөтүн эки жылдан беш жылга чейин узартуудан улам шайлоо алдында өтө турган комиссия мүчөлөрүнүн масштабдуу жаңылануусуна болгон терс таасирин төмөндөйт деп болжолдонот. БШК жана АШКлар орун басарларынын резервдик тизмелерин түзүшөт, алар төмөнкү деңгээлдеги комиссиялардагы бош орундарды ээлөө үчүн колдонулат.

БШКнын бардык мүчөлөрү ар бир сессияга милдеттүү түрдө катышуусу мыйзамда каралган. 2019-жылдагы мыйзамдык өзгөртүүлөр жана толуктоолордон кийин жана ДИАУБдун мурда берилген сунуштарына ылайык, БШК мүчөлөрү отурумдарга катыша албай калган учурларда добуштары эсепке алынбайт. Өзгөртүүлөр жана толуктоолор ошондой эле шайлоо комиссияларынын ишмердүүлүгүнүн негизги принциптеринин бири катары калыс болууну камтыды; бирок, ДИАУБ ШЧБМдин айрым маектештери талапкерлерди каттоого байланыштуу БШКнын чечимдеринин калыстыгына кооптонуусун билдиришти. Азырынча ДИАУБ ШЧБМ маектештеринин көпчүлүгү БШКнын шайлоо процессин натыйжалуу башкаруу мүмкүнчүлүгүнө ишенип жатышат. Ошол эле учурда, БШКнын көрсөтмөсүнө ылайык, COVID-19дан коргонуу чараларына көңүл буруп, төмөнкү деңгээлдеги шайлоо администрациясынын шайлоо күнүндөгү процедураларды туура жүргүзүүгө байланыштуу бир катар көйгөйлөр айтылды.[10]

БШКнын маалыматына ылайык, ушул кезге чейин шайлоо участкаларынын 70 пайызында ден-соолугуна байланыштуу кыймылы чектелген добуш берүүчүлөр үчүн пандустар орнотулган. БШК көрүү жана угуу мүмкүнчүлүгү чектелген добуш берүүчүлөр үчүн атайын окуу материалдарды даярдады; ошондой эле саясий партиялардын үгүт материалдарынын эң аз дегенде бир пайызын майыптар үчүн ыңгайлуу форматта даярдоо талабынын аткарылуусуна көзөмөл жүргүзөт.

## VI. ДОБУШ БЕРҮҮЧҮЛӨРДҮ КАТТОО

Конституцияга ылайык добуш берүү укугу, шайлоо күнүнө карата 18 жашка толгон жарандарга берилет, бирок жасаган кылымышынын оордугуна карабастан эркинен ажыратылган жана соттун чечими аркылуу укугу чектелген адамдар добуш берүүгө катыша албайт. Добуш берүүчүлөрдү каттоо системасы пассивдүү формада жүргүзүлөт. Добуш берүүчүлөрдүн тизмеси калкты бирдиктүү каттоо реестринен (КБКР) алынат жана МКК тарабынан көзөмөлдөнөт. 16 жаштан жогору Кыргыз Республикасынын жарандары биометрикалык каттоодон өтүү менен бирге добуш берүүчүлөрдүн тизмесине каттала алат. МККнын ДИАУБ ШЧБМге берген маалыматына ылайык 470 000 ашуун жаран азыркы убакытка чейин биометрикалык каттоодон өтө элек жана ошол себептен улам шайлоо укугу чектелүү бойдон калууда.[11]

Добуш берүүчүлөрдүн алдын-ала такталган тизмесине 3 465 415 добуш берүүчү кирген, алардын 52 пайызы аялдар.[12] Добуш берүүчүлөр УШКларда, жеке өзү же мамлекеттик веб-портал аркылуу өздөрүнүн даректерин ондоо жана өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн арыз менен кайрыла алат.[13]

---

10 Шайлоо күнүндөгү жол-жоболор боюнча БШКнын көрсөтмөсүнө ылайык оорунун жайылышына каршы конкреттүү эрежелер жана чаралар иштелип чыккан жана добуш берүүчү жайлардагы социалдык аралыкты сактоо жана шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү менен добуш берүүчүлөрды жеке коргоо каражаттары менен камсыз кылуу сыяктуу шарттар каралган.

11 БШКнын маалыматы боюнча, 2017-жылы алардын саны 640 000 жеткен.

12 16-июлда жарыяланган добуш берүүчүлөрдүн тизмесине кирген добуш берүүчүлөрдүн санынан 36 372ге, ал эми 2017-жылдагы президенттик шайлоого катталгандардан дээрлик 440 000 көп, бул 14 пайыздан ашык өсүштү көрсөтөт.

13 52 300гө жакын жаран "шайлоо даректерин" Бишкекке, 7 303 Ошко которушкан. Ошол эле учурда, Нарын жана Чүй облустарында добуш берүүчүлөрдүн саны 10 582 жана 6 712ге азайгандыгы байкалган. Мамлекеттик веб-портал аркылуу добуш берүүчүлөр өздөрүнүн аты-жөнүн текшерип, тиешелүү участокторун таап, жеке профилине кирип, оңдоо же дарегин өзгөртүү боюнча онлайн режиминде суроо-талаптарды жөнөтүүгө мүмкүнчүлүк ала алат. Ошондой эле, добуш берүүчүлөр боюнча географиялык аймактарды, жаш курагы, жынысы жана мурунку шайлоолор боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт.

Шайлоо күнү ден-соолугуна же майыптыгына байланыштуу шайлоо участкаларына келе албагандар, ооруканаларда жана убактылуу кармоочу жайларда, жетүүгө кыйын болгон убактылуу жерлерде жашаган жана милицияда же аскердик кызматта нөөмөттө тургандар үчүн мобилдик добуш берүү арызы 2-октябрга чейин каралат.

## VII. ТАЛАПКЕРЛЕРДИ КАТТОО

Шайлоо күнүнө карата 21 жашка толгон, шайлоого укугу бар Кыргыз Республикасынын жараны боло алат . Жасаган кылымышынын оордугуна карабастан эркинен ажыратылгандар, соттун чечими аркылуу укугу чектелген адамдар жана кош жарандыгы бар Кыгыз Республикасынын жарандары депутаттыка талапкерлигин көрсөтө албайт.

Талапкерлердин тизмесин каттоодон өткөрүү үчүн саясий партиялар беш миллион сом күрөө төлөшү керек (болжол менен 55000 евро).[14] Тизмелерде кеминде 75 талапкер, ар бир жыныстагы талапкерлердин кеминде 30 пайызы; улуттук азчылыктарга таандык талапкерлердин кеминде 15 пайызы; 35 жашка чейинки талапкерлердин кеминде 15 пайызы; жана мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардан кеминде эки талапкер болушу керек. Талапкерлердин тизмесиндеги ар бир категория боюнча квоталардын сакталашын шайлоо жөнүндөгү мыйзамда каралган. [15]

9-июлга чейин бул шайлоого катышуу ниетин 44 саясий партия билдирген жанан анын 17си 24-августка чейин БШКга талапкерлердин тизмесин тапшырган.[16]

БШК *Кыргызстан, Бүтүн Кыргызстан* жана *Актив* партияларынын тизмелерин каттаган жок.[17] Үчөө тең БШКнын чечимдерине каршы административдик сотко арыз жазышты. Сот БШКнын *Кыргызстан* жана *Бүтүн Кыргызстан*[18] партиялары боюнча чечимдерин жокко чыгарды, ал эми *Актив* партиясы шайлоо күрөөсүн төлөбөгөндүгү жана гендердик квотанын талаптарын сактабагандыгы үчүн БШКнын каттоодон баш тартуу чечимин күчүндө калтырды.[19] Партиянын ДИАУБ ШЧБМна берген маегинде, БШК шайлоо күрөөсү төлөнбөгөндүгү жөнүндө кабарлаган, бирок, талапкерлердин тизмесин түзүү тартибинде кетирилген каталар жөнүндө кабар бербегенден улам, административдик соттун чечими боюнча Жогорку сотко арыз менен кайрылгандыгын билдиришти.[20] Ага карабастан, 14-сентябрда Жогорку Сот БШКнын чечимин күчүндө калтырды.

---

14 1 евро болжол менен 90 сомго барабар (кыргыз *сому*).

15 Аз жыныстагы талапкер бардык талапкерлер тизмеси боюнча төрт талапкерден турган ар бир топко жайгаштырылат. Улуттук азчылыктарга таандык кеминде беш талапкер, ошондой эле 35 жашка чейинки адамдар биринчи 65 орундуктагы тизмеде, ал эми майыптыгы бар бир талапкер биринчи 50 орундук тизмеде көрсөтүлүшү керек.

16 БШК документтерди текшерип, каттоодон өткөрүү боюнча 10 күндүн ичинде чечим кабыл алат.

17 БШК талапкерлердин тизмесин берүүдөө жол берилген процедуралык катачылыктардан улам *Кыргызстан* партиясынын документтерин кабыл алган жок жана талапкерлерди көрсөтүү процедуралары бузулгандыгына байланыштуу *Бүтүн Кыргызстан* партиясын каттоодон баш тартты.

18 *Кыргызстан* партиясы боюнча БШК административдик соттун чечимин Жогорку Сотко даттанган менен, эки соттун тең чечими өз күчүндө калды. *Бүтүн Кыргызстан* партиясы боюнча административдик сот 9-сентябрда партиянын пайдасына чечим чыгарып, БШК тарабынан бюллетендин форматын бекитүү үчүн акыркы күн болгондуктан БШК *Бүтүн Кыргызстан* партиясын ошол күнү эле каттап, административдик соттун чечимине каршы даттана алган жок.

19 Партия ДИАУБ ШЧБМна Жогорку Соттун Конституциялык палатасындагы шайлоо күрөөсүнүн конституциялуулугун талашып жаткандыгын билдирди. Гендердик квотага байланыштуу, партиянын талапкерлеринин көпчүлүгү аялдар болгондуктан, БШК эркектерди "азыраак өкүл" деп эсептеп, жайгаштыруу талабына жооп бербегендиктен тизмеден баш тартты.

20 БШК саясий партияларга берилген документтердеги каталарды оңдоо мүмкүнчүлүгүн мыйзам чегинде берүүгө милдеттүү.

Шайлоого катышуу үчүн 2 032 талапкер менен жалпы сандагы 16 саясий партия катталды. Жалпы курамдын 32 пайызын аялдар, 31 пайызын 35 жаштан кичүүлөр, 17 пайызын улуттук азчылыктар жана мүмкүнчүлүгү чектелген 43 талапкер (2,1 пайызды) түзөт. Шайлоо жөнүндөгү мыйзам боюнча саясий партиялар өз талапкерлерин шайлоого үч күн калганга чейин алып салууга болот жана квоталарды кармап калууну талап кылбайт.[21]

## VIII. ҮГҮТ ЖАНА ҮГҮТ ӨНӨКТҮГҮН КАРЖЫЛОО

Үгүт кампаниясынын расмий мөөнөтү 4-сентябрда башталган жана 3-октябрда, добуш берүүгө 24 саат калганда аяктайт. Саясий партиялардын системасы чачыранды, эгерде Юстиция министрлиги тарабынан 259 партия каттоодон өткөн болсо, анын 16сы гана шайлоого катышып жатат. Партиялар шайлоо программаларына караганда талапкерлердин жеке сапаттарына өзгөчө көңүл буруп, алардын жеке жактарына көбүрөөк басым жасоодо. Башында, COVID-19 пандемиясынан улам добуш берүүчүлөр менен жекеме-жеке жолугушууларды өткөрүүдө белгисиздиктер болгон, бирок, ага карабастан, партиялар үгүт өнөктүгүн үймө-үй жүргүзүп, добуш берүүчүлөр менен чакан жолугушууларды, талкууларды өткөрүп келе жатат, жана ошондой эле, басылып чыккан материалдарды таратуу жана көргөзмөлөрдү уюштуруу, плакаттарды жана билборддорду илүү менен бирге ар кандай үгүт каражаттарын колдонуп келишүүдө. Аймактардагы үгүт өнөктүгү анчалык чоң дэңгээлде өтпөгөнү менен, өнөктүккө даярдыктар көрүлүп жатат. Шайлоо күнүнө жакын өнөктүктүн активдүүлүгү күчөп, туу чокусуна жетет деп күтүлүүдө.

Партиялар ДИАУБ ШЧБМга билдиргендей ачык жана жабык профилдер аркылуу социалдык тармактарды, негизинен Фейсбукту пайдаланууну пландаштырууда. Онлайн үгүткө мыйзам тарабынан уруксат берилгени менен, ДИАУБ ШЧБМнын маектештери онлайн үгүткө байланышкан ченемдик укуктук актылардын жетишсиздигин белгилешти. Ага карабастан, 16 атаандаш партиянын он төртү БШК тарабынан демилгеленген Жүрүм-турум Кодексине кол койду жана үгүт өнөктүгүнүн, анын ичинде онлайн үгүттөөнүн эрежелерин сактоого милдеттеништи. 2019-жылы шайлоо жөнүндөгү мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолордон кийин, саясий партиялар сурдо тили же субтитр менен аудио-визуалдык үгүт материалдарын даярдап, жайылтууга, кеңейтилген жана Брайл шрифти менен материалдарды даярдоого жана мүмкүнчүлүгү чектелген добуш берүүчүлөр үчүн башка атайын каражаттарды колдонууга милдеттүү.

Партиялар мыйзам боюнча үгүт өнөктүгүнө жумшала турган каражаттар үчүн атайын банк эсептерин ачууга милдеттендирилет. Шайлоо өнөктүгү жеке булактардын эсебинен каржыланат, ал эми мамлекет тарабынан түз каржылоо каралган эмес. Жеке салымдарга болгон чектөөлөр албетте бар жана бир партиянын үгүт чыгымдары 300 миллион сомдон ашпашы керек (болжол менен 3,3 миллион евро).[22] Накталай түрдө жардам берүүгө, ошондой эле чет өлкөлүк, мамлекеттик же белгисиз булактардан жана диний жана кайрымдуулук уюмдарынан келип түшкөн каржы булактарына тыюу салынат.

---

[21] 14-сентябрга карата 14 талапкер баш тартты.

[22] Жеке жана юридикалык жактар 200 000 сомдон (болжол менен 2,120 евро) жана 3 миллион сомго чейин (болжол менен 32 000 евро), бир талапкер 1,5 миллион сомго (болжол менен 16 000 евро) жана партия өзү ашып барганда 100 миллион сомдго чейин (болжол менен 1 060 000 евро) финансылык колдоо көрсөтө алышат. Шайлоо өнөктүгүнө байланыштуу каражаттардын суммасы 2015-жылдагы парламенттик шайлоого салыштырмалуу кыскарган, мурда бул көрсөткүч 500 миллион сомду (5,3 миллион евро) түзгөн.

Үгүт өнөктүгүн каржылоону көзөмөлдөө БШКга жүктөлгөн. Партиялардын кирешелери жана чыгашалары жөнүндө банктардан алынган маалыматтар ар жума сайын БШКнын сайтына жарыяланат. Азыр, БШКнын 2020-жылдын июнь айында кабыл алынган жобосуна ылайык, атайын түзүлгөн комиссия жалпы кетирилген каражатты гана көрсөтүүнүн ордуна, ар бир кирген киреше жана чыгаша булактарын чагылдырат. Ошондуктан, ДИАУБдун мурунку берген сунуштарын жарым-жартылай аткарды деген тыянакка келсе болот. Азырынча БШК жарыялаган каржылык отчетторго ылайык, үгүт өнөктүгүнө сарпталган чыгымдар боюнча үч саясий партия алдыда: *Биримдик, Мекеним Кыргызстан* жана *Кыргызстан.* [23]

Бул жолку шайлоолор үчүн БШК саясий партиялардан шайлоо күнүнө чейин эки каржылык отчетун жана шайлоодон кийин акыркы отчетун берүүсүн талап кылат.[24] Бардык саясий партиялар тарабынан берилген биринчи каржылык отчет БШКнын сайтында жарыяланган жана үч отчет тең шайлоодон кийин БШК тарабынан текшерилүүгө тийиш.

## IX. ЖАЛПЫГА МААЛЫМДОО КАРАЖАТТАРЫ

Конституцияда пикир алмашууга жана басма сөз эркиндигине кепилдик берилет жана жалаа жапкандыгы үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартууга тыюу салынат. Аброюна шек келтирүү менен айыпталынган жана келтирилген зыяндын оордун толуктай албаган ЖМКлар өзүн-өзү цензуралоого алып келүүдөгү инструмент болуп калууда деп билдиришет ДИАУБ ШЧБМдин айрым маектештери. ЕККУнун массалык маалымат эркиндиги боюнча өкүлү абройго шек келтирүү боюнча доо арызда талап кылынган чыгымдардын пропорцианалдуу эместигине тынчсызданыусун билдирди. [25]

Шайлоо жөнүндөгү мыйзам ЖМКлар тарабынан калыс чагылдырууну жана атаандаштарга бирдей мамиле кылууну талап кылат. БШК тарабынан аккредитациядан өткөн ЖМКлар гана шайлоого байланыштуу иш-чараларды жана саясий өнөктүктү чагылдырууга уруксат ала алат жана ошондой эле шайлоонун катышуучуларына эфирдик убакытты жана маалыматтык мейкиндикти саттуу мүмкүнчүлүгүн ала алат. Шайлоо жөнүндө мыйзамдар бузулган учурда, БШК тарабынан бул аккредитация жокко чыгарылышы мүмкүн.

Мамлекеттик же жергиликтүү бюджеттен жарым-жартылай же толугу менен каржыланган бардык ЖМКлар атаандашкан партияларга үгүт жүргүзүүгө жана өз оюн эвир аркылуу же онлайн билдирүүгө бирдей мүмкүнчүлүк берүүгө милдеттүү. Шайлоо жөнүндөгү мыйзам жумуш күнүнө бир сааттан кем эмес акысыз (прайм-тайм) эфир убактысын атаандаш тараптардын ортосунда бирдей бөлүштүрүп, ушул эфирдик убакыттын жок дегенде жарымын дебаттарга жумшоону талап кылат. 5-сентябрь күнү БШК акысыз эфирдик убакытты коомдук жана мамлекеттик ЖМКлар үчүн эфирдик убакытты 7-сентябрдан 2-октябрга чейин бөлүштүрүп берди. Партиялык лидерлерге, аялдарга, жаштарга жана башка талапкерлерге арналган *КТРКнын* коомдук телекөрсөтүүсү боюнча теледебаттар октябрдын башына чейин өтөт деп пландаштырылды.

---

[23] *Биримдик* партиясы 11-сентябрга чейин үгүт өнөктүгүнө кеткен чыгымдар 86,7 миллион сомду, *Мекеним Кыргызстан* партиясы 90,4 миллион сомду жана *Кыргызстан* партиясы 71,4 миллион сомду түзгөндүгүн билдирди. Калган партиялар чыгымдардын 37 миллион сомдон төмөн экендигин билдиришти.

[24] Биринчи каржылык отчет БШКга талапкерлерди каттоо документтери менен кошо, экинчи отчет - 24-сентябрга чейин, ал эми акыркы отчет - шайлоо күнүнөн кийин 10 күндүн ичинде берилиши керек.

[25] ЕККУнун Массалык маалымат каражаттарынын эркиндиги боюнча өкүлүнүн жалаа жабуу жөнүндөгү дооматтар боюнча билдирүүсүн караңыз (13-декабрь, 2019-жыл).

Партиялар мамлекеттик жана жеке каналдардан эфирдик убакытты, ошондой эле, басылма жана онлайн медиадагы мейкиндикти сатып ала алышат. Акы төлөнгөн эфирдик убакыттын өлчөмү бардык партияларга бирдей берилиши керек. Шайлоо жөнүндөгү мыйзамда үгүт өнөктүгүнө багытталган чыгымдарга болгон чектөөлордү эске албаганда, акы төлөнүүчү телерадио компаниялар тарабынан эфирдик убакыттын минималдуу чеги көрсөтүлгөнү менен, акы төлөнүүчү эфирдик убакыттын максималдуу чеги көрсөтүлгөн эмес. [26]

ДИАУБ ШЧБМи шайлоону чагылдыруу боюнча төрт телеканалда, бир радиодо жана үч гезитте өзүнүн сандык жана сапаттык көзөмөлүн 8-сентябрдан тарта жүргүзө баштады.[27]

## X. АРЫЗДАР ЖАНА КАЙРЫЛУУЛАР

Добуш берүүчүлөр, саясий партиялар жана талапкерлер, алардын ишенимдүү адамдары, жарандык коом уюмдары жана байкоочулар арыздарды жана кайрылууларды бере алат. Бирок, шайлоонун жыйынтыктары боюнча арыз-даттанууларды талапкерлер жана саясий партиялар, алардын ишенимдүү адамдары гана бере алат. Шайлоо комиссияларынын чечимдерине, аракеттерине жана аракетсиздигине байланыштуу даттануулар өйдө баскычта турган шайлоо комиссияларына, ал эми БШКнын арыздары биринчи инстанциядагы сотко жиберилиши керек, алардын чечимдеринин негизинде, Жогорку Сотко дагы кайрылуу мүмкүнчүлүгү бар. Шайлоого байланыштуу арыздар прокуратурага жана ички иштер органдарына берилиши мүмкүн.

Арыздар жана даттануулар, алардын катарында шайлоонун жыйынтыктары боюнча арыздар, үч күндүн ичинде шайлоо комиссияларына жана сотторго жиберилиш керек жана кийинки үч күндүн ичинде, же кошумча тергөө талап кылынса, беш күндүн ичинде чечилиши керек; прокуратура жана ички иштер органдары шайлоого байланыштуу арыздарды эки күндүн ичинде чечиши керек.[28] Жогорку Сотко даттануу беш күндүн ичинде каралат.

БШК тарабынан арыздарды кароо боюнча БШКнын мүчөлөрүнөн жана кызматкерлеринен турган атайын Жумушчу топ түзүлдү. Жумушчу топ арыздарды карайт жана алардын чечилиши боюнча консультативдик корутундуларды берет; арыздар БШКнын отурумдарында расмий түрдө каралат.

Шайлоо жөнүндөгү мыйзамга ылайык, шайлоо жөнүндө мыйзамдардын бузулушуна жана жарандарды көрүлүп жаткан чаралар жөнүндө маалымдоого ыкчам чара көрүү максатында шайлоолорду даярдоо жана өткөрүү үчүн Ыкчам чара көрүүнүн координациялык тобу түзүлдү. Алардын курамына БШКнын, укук коргоо органдарынын, анын ичинде прокуратура, ички иштер кызматынын жана Мамлекеттик улуттук коопсуздук комитетинин өкүлдөрү кирет.

БШК арыздардын онлайн-реестрин жүргүзөт жана ага ылайык маалыматтын негизинде, 15-сентябрга карата БШКга 30 арыз келип түшкөн, алардын көбүнчөсү талапкерлерди каттоого жана үгүт өнөктүгүнүн эрежелерин бузууга байланыштуу болгон. БШКнын талапкерлерди

---

26 Бөлүнгөн эфирдик убакыт атаандаш саясий партиялардын жалпы санына бирдей бөлүнгөн, акысыз эфирдик убакыттын жалпы көлөмүнөн кем болбошу керек.

27 Медиа мониторингди жүргүзүүгө төрт КТРК, ЭлТР телеканалдары жана коммерциялык НТС жана 7 каналдар кирет; Биринчи радио жана үч гезит булактары *Дело №, Супер инфо* жана *Вечерний Бишкек*. ДИАУБ ШЧБМнин үгүт өнөктүгү боюнча ошондой эле *kaktus.media*, *24.Kg* жана *Апрель ТВ* интернет түйүндөрүнө көзөмөл жүргүзүп жатат.

28 Даттануулар, арыз ээси мыйзам бузуу жөнүндө билген күндөн тартып үч күндүн ичинде берилет. Даттануу боюнча комиссиялардын чечимдерине, анын ичинде БШКнын даттануулары тиешелүү чечим чыгарылгандан кийин үч күндүн ичинде берилиши керек. Эгерде арыз же даттануу шайлоо күнү же бир күн мурун берилсе, ал токтоосуз каралышы керек.

каттоо боюнча төрт чечими биринчи инстанциядагы сотко жиберилген. Алардын үчөөсү боюнча сот, БШКнын чечимдерин жараксыз деп тапты; БШК тарабынан Жогорку Сотко жиберилген эки арыз каралып чыгып, экөө тең канааттандырылган жок деп табылды. Шайлоого байланыштуу иштер, биринчи инстанциядагы жана Жогорку Соттор тарабынан коомдук отурумдарда каралды. Жогорку Соттун расмий сайтында сот чечимдеринин реестри жүргүзүлөт; бирок, шайлоого байланыштуу иштер боюнча чечимдер эрежесиз жайгаштырылууда жана кечигүү менен катталууда.

## XI. КООМДУК ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК БАЙКООЧУЛАР

Шайлоо жөнүндөгү мыйзамга ылайык, атаандаш партиялар, коомдук жана эл аралык байкоочулар шайлоо процессинин бардык этаптарына байкоо жүргүзүүгө укуктуу. Мыйзамга ылайык, депутаттарга, талапкерлерге, мамлекеттик кызматкерлерге, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнө, сотторго, прокурорлорго жана укук коргоо органдарынын өкүлдөрүнө байкоочу катары катышууга тыюу салынат. Ар бир саясий партия, бир шайлоо комиссиясынын курамына экиден ашык эмес байкоочуну дайындай алат. Шайлоо жөнүндөгү мыйзамга киргизилген акыркы өзгөртүүлөргө жана толуктоолорго ылайык, ар бир шайлоо комиссиясында байкоо жүргүзүү үчүн, үчтөн ашык эмес коомдук байкоочу каттоодон өтө алат. Аккредитациядан өтүш үчүн, жергиликтүү байкоочулар өздөрү өкүл болгон саясий партиядан же жарандык коом тарабынан арыз-кат тапшырышы керек. Бүгүнкү күндө, алдыда боло турган шайлоолорго байкоо жүргүзүүгө катышуу ниети бар экендигин коомдук байкоочулардын 66 тобу БШКга расмий билдиришти. Коомдук байкоочулар добуш берүүнүн жыйынтыктары расмий жарыяланган күнгө чейин аккредитациядан өтсө болот. Эл аралык байкоочулар шайлоо күнүнө үч күн калганга чейин БШК тарабынан аккредитациядан өтөт.

## XII. ДИАУБ ШЧБМ ТАРАБЫНАН АТКАРЫЛГАН ИШ ЧАРАЛАР

ЕККУ/ДИАУБ ШЧБМсы расмий түрдө 7-сентябрда Бишкек шаарында өткөн пресс-конференцияда ачык деп жарыяланды. Миссия, шайлоо процессине катышкан кызыкдар тараптар менен борбордук жана аймактык деңгээлде иш алып баруу мамилелерин түздү. ДИАУБ ШЧБМсы Тышкы иштер министрлигинин, БШКнын, Ички иштер министрлигинин, МККнын, саясий партиялардын, жарандык коомдун, ЖМКлардын, эл аралык уюмдардын лидерлери жана өкүлдөрү менен жолугушуп, БШКнын жыйындарына үзгүлтүксүз катышып келүүдө.

***Англис тилиндеги түп нускасы бирден-бир расмий документ болуп эсептелинет.***
***Бул отчетту кыргыз жана орус тилдеринде окууга болот.***